

05

## Жаңыланган “Манас”

*Быйыл 25 жылдык маарекесин белгилеген Кыргыз-Түрк «Манас» университети (КТМУ) билим берүү жана илим тармагында жараткан инновациялары жана өзгөртүүлөрү аркылуу таанылууда. Акрыкы бир жарым жылдан бери университетте түрдүү тармактарда...*



11

## Жоголуп бараткан кесиптер

*Дүйнөнүн өнүгүп-өсүүсү менен кесиптерге суроо-талаптар да өзгөрүп, технологиялар айрым кесиптерди эмгек рыногунан сүрүп чыгарып коюуда.*



03

## Улуу-памирлик кыргыздардын Түркияга көчүп барганына 40 жыл болду

*Кыргызстандын Чоң-Алай аймагында жашаган кыргыздардын бир бөлүгү 1916-1937-жылдар арасында Россиянын кысымынан улам Ооганстандын Памирине ооогон.*


# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ НОЯБРЬ 2021 / 82-ЧЫГАРЫЛЫШ www.manas.edu.kg




# Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнү


“Коомдогу көйгөйлөр тууралуу адамдарды ойлондургубуз келет” 09

10-класстын окуучусу жол чырак жасады 14

“Манаста” 24-ноябрь мугалимдер күнү белгиленди 08

# Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнү

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Кыргызстандагы 7-8-ноябрь күндөрү расмий түрдө белгиленип келген "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү" күнүнө карата иш-чара өттү. Иш-чараны КТМУнун гуманитардык жана коммуникация факультеттери уюштурду. Анда өткөн кылымда кыргыз эли башынан кечирген оор тарыхый окуялар, ал окуяларда эл-жер үчүн жанын курмандыкка чалган ата-бабалар эскерилип, бул тарыхый күндөрдүн маанисине баа берилди.***

Не бир кыйын кезеңдерди башынан өткөрүп келген кыргыз эли кылымдар бою мамлекеттүүлүк идеясын туу тутуп келген. Эзелтен эркиндикке умтулган-бабаларыбыз көптөгөн кыйынчылыктардын артынан бизге эгемендүүлүктү тартуулады. Алардын талыкпаган күрөшү, улуу эрдиги эч качан унутулбашы керек. Кыргыз элинин тарыхында кандуу изи менен калган 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөш, Улуу Октябрь революциясы, 1937-жылдагы массалык репрессия окуялары муундан муунга тарыхтын улуу сабагы катары элдик эс-тутумда жашашы керек.

1916-жылы кыргыз эли Орус падышачылык империясынын оторчулук саясатына каршы күрөшкө чыгып, натыйжада орус жазалоочу аскерлери тарабынан элдик кыймыл аеосуз басылып, эл Кытай тарапка аска-белди ашып качып, бөтөн жер, бөтөн элде азап менен тозоктун ортосунда калган. Мына ошол кандуу окуяны эл өзү Үркүн деп атаган. Үркүн окуясы элдин ан-сезимине терең из калтырган тарыхый трагедия болуп саналат.

Ал эми Ата-бабаларды эскерүү күнүндө 1937-38-жылдардагы репрессия курмандыктары да эскерилет. Совет мезгилиндеги репрессиянын курмандыгы болгон туңгуч интеллигенциябыздын өкүлдөрүнүн мамлекетти түптөөгө кошкон салымы, алардын тарыхый эрдиги тууралуу жаштарга түшүндүрүлөт. Жалпысынан тарыхтын каармандарын эске салган бул күн жылнаамаларда маанилүү даталардын бири.

***Калк душманы, улутчул деген күнөө коюлган***

1937-жылдардагы массалык реперессиянын негизги себептерин, Советтер Союзунун идеологиясын, анын жүргүзгөн саясаты болгонун тарых илимдеринин кандидаты, доцент м.а. Роза Абдыкулова мындайча түшүндүрөт:

*"Бул тарыхый окуяны изилдөөдө жазма булактарда репрессиялангандарга калк душманы, улутчул деген күнөөлөр коюлган. Ар бири үчүн бир шылтоо табуу жолдору болгон. Мындай караганда, аларды ошол учурдагы бийликтин жүргүзгөн саясатына каршы чыккандар, башкача айтканда, идеологияга каршы чыккандар десек болот. Репрессияда коомдун алдыкыңларын, каймактарыбызды жоготтук. Алар ошол убакта коомдо чоң роль ойногон, аларды жоготуу тарыхтагы эң чоң трагедиябыз. Алар репрессияланбаганда, кыргыз эли дагы башка жагынан өнүгөт беле? Албетте, алардын тарыхта орду чоң, аларды ар дайым эскерип, элге сиңирген эмгектерин унутпашыбыз керек".*

Ал эми 1916- жылдагы Россия империясынын жалпы Орто Азияда жүргүзгөн социалдык-экономикалык, административдик саясатынан улам келип чыккан улуттук-боштондук күрөшү, анын тарыхый мааниси тууралуу тарых илимдеринин доктору, профессор Жээнбек Алымбаев буларды белгилейт:

"Бул көтөрүлүш тарыхта Үркүн деген ат менен белгилүү. Негизги себеби колониалдык бийликке каршы чыгуу болгон. 1867-жылы кабыл алынган жобо боюнча Түркстан аймагындагы элдерге жергиликтүү башкаруу системасын киргизишкен. Ар бир болуштарга бийлерди шайлоо пункту да кирген. Бул шайлоодо көбүнчө эл шайлаган эмес, орус падышачылыгы тандагандар бийликке келген. Бул административдик башкаруу, салыктардын өсүшү, адилетсиз жүргүзүлгөн саясат элдин эркиндик үчүн күрөөшкө аттанып чыгышына алып келген. Падышанын акыркы "18 жаштан 40 жашка чейинки жарандар согушка катышсын" деген жарлыгы оторчулуктун айынан кыйналып турган элдин көтөрүлүшкө чыгышын шарттаган.




***Мындай массалык кыргын тарыхта болгон эмес***

Тарыхчылардын маалыматы боюнча Үркүндө Кыргызстандын 40% эли набыт болгон деген маалыматтар бар. Ал эми коомдук ишмер Жусуп Абдрахмановдун айтуусу боюнча Түндүк Кыргызстанда 150 миң адам өлгөн деген маалыматтар да кездешет. Ушунча адамдын өмүрүн алган трагедиялуу окуя жалпы Орто Азия элдеринин кандуу из калтырган окуя болуп тарыхта калды. Демек, тарыхый мааниси өтө чоң десем болот. Ата-бабаларды эскергенде ушул Үркүндү эстешибиз керек.

Жээнбек Алымбаев акыркы жылдарда Үркүндүн 70, 80, 90, 100 жылдыгы белгиленгенин, унутта калбаган бул күн ар дайым бизге эр жүрөк ата-бабаларыбызды эске салаарын баса белгиледи. Эске салсак, "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү" күнү 2017-жылдын 26-ноябрында кабыл алынган.



**КАБАР: ГҮЛДАНА НУРМУХАММЕД КЫЗЫ**
**ФОТО: ГҮЛДАНА НУРМУХАММЕД КЫЗЫ**

# Улуу-памирлик кыргыздардын Түркияга көчүп барганына 40 жыл болду

***Кыргызстандын Чоң-Алай аймагында жашаган кыргыздардын бир бөлүгү 1916-1937-жылдар арасында Россиянын кысымынан улам Ооганстандын Памирине оогон. 1978-жылы Памир аймагынан Пакистанга жер которууга аргасыз болушкан. Ал эми 1982-жылы Түркияга көчүп барышкан.***
***2022-жылы Памир кыргыздарынын Түркиянын Ван шаарында отурукташканына толук 40 жыл толот. Кырк жыл ичинде памирлик кыргыздар кандай социалдык-маданий өзгөрүүлөргө учурашты. Азыркы жашоолору кандай? Бул суроолорго Ванда жашаган кыргыздардын акыркы башкаруучусу Рахманкул хандын кенже уулу Мусаддык Кутлу менен болгон маегибизден окуй аласыздар.***

**-Кыргыздардын Ванга көчүп баргандарына дээрлик 40 жыл толуптур. Ошол 1982-жылы Ванга канча үй-бүлө көчүп барган экен?**

-Ван аймагына 280 үй-бүлө, башкача айтканда, 2 500гө жакын адам көчүп барганбыз. Учурда калктын саны 4.5-5 миңге жетип калды. Түркиянын ар кайсы шаарларында жашаган кыргыздар да бар. 2022-жылы Ванга көчүп келгенибизге туура 40 жыл болот. Ошондуктан, быйыл, айылда майрамдык маанайда ар кандай иш-чараларды өткөрүүнү максат кылып турабыз. Биз 40 жыл мурун август айында Ванга көчүп барганбыз. Ошондуктан, кийинки жылы, ковид басаңдап калса, Кыргызстандан да конокторду чакырып, чоң той өткөрүүнү пландап жатабыз.

**- Памирден Түркияга барган кыргыздар алгач каерге жана кантип жайгаштырылган эле? Ванда сиздер үчүн салынган үйлөр качан колдонууга берилген?**

- Биз Түркияга барганда Адана деген шаарга түшкөнбүз. Вандын Кара-Күндүз деген айылы бар экен. Ошол жерде сел кеткенде, же жер термелгенде элди киргизип, жайгаштыра турабыз деген үйлөр бар экен. Аларды түрктөр "Аффет эвлери" деп коюшат. Биздин туруктуу үйүбүз бүткүчө 5 жылга жакын ошол тамдарда жашаганбыз.

Көчүп барган элдин жарымы Түркиянын Малатья деген жеринде жашашкан. Ал жерде да көчкүдө элди убактылуу киргизе турчу турак-жайларда баш калкалап турушту. Учурда жашап жаткан Улуу-Памир айылындагы үйлөрүбүз 1987-жылы колдонууга берилген.

**-Улуу-Памир айылында жашаган кыргыздар кайсы тилде билим алышат? Алар кыргызча үйрөнүшөбү?**

- Биз Ооганстанда жашап жүргөндө араб тамгасы менен окуп, Түркияга барганда латын тамгаларына негизделген түрк тамгалары менен окуй баштаганбыз. Негизинен билим берүү түрк тилинде жүргүзүлөт. Мектептерде англис жана немис тилдери окутулат, бирок кыргыз тили окутулбайт. Айылда, күнүмдүк жашоодо улуу муун бири-бирибиз менен кыргызча, ал эми жаштар көбүнчө түркчө сүйлөшүшөт.

**- Сиздин оюңузча Ванда бара-бара кыргыз тилинин колдонулбай калуу коркунучу барбы?**

- Ооба, Ванда кыргыз тилинин жоголуп кетүү коркунучу бар. 2000-жылдарда биздин айылдагылар "Бизге мугалим жөнөткүлө" деп Кыргызстанга арыз жазышкан. Натыйжада, кайрылуубуз жоопсуз калган эмес. Кыргыз тилин, комуз жана тарых сабактарын үйрөтүү үчүн 3 мугалим жөнөтүлүп, алар 3-4 жыл сабак берип, кайра Кыргызстанга кайтып кетишкен. Андан бери сабак берүү үчүн эч ким келе элек.

**- Учурда Улуу-Памир айылындагы жаштардын билим алуу жана кесипке ээ болуу маселеси кандай?**

- Балдардын дүйнө таанымы өзгөргөн. Айылыбыздагы жаштардын көпчүлүгү окуганды жакшы көрүшөт. Учурда мектепте билим алып жаткан кыздар-балдарыбыздын 60-70 %ы жогорку окуу жайларына өтүп жатышат. Учкучтардын окуу жайында окуган 2-3 балабыз, прокуратурада эмгектенгендер, Стамбулдун мэриясында эмгектенгендерибиз, врач болуп иштегендерибиз бар. Аскердик жаатта жогорку кызматты аркалагандар да жок эмес.

**- Боордошторубуздун Ванга көчүп барганына быйыл 40 жыл болот эмеспи, ушунча узун убакыт ичинде кыргыздын маданияты, каада-салт, үрп-адаты канчалык деңгээлде сакталып калды?**

- Мен да ушуну көп ойлоном. Дүйнөдөн өткөн адамды жерге берүү, той берүү ж.б. салттарыбыз Кыргызстандагыга караганда вандык кыргыздарда дагы жакшы сакталып калган. Албетте, нукура илгерки салтыбыз биздин айылда да кыйла өзгөрүлүп кетти. Мисалы, Кыргызстанда тойлордо тост айтуу сыяктуу адаттар бар экен. Чындыгында илгери



***Түрктөр менен кыргыздар бир элбиз, Түрк атанын балдарыбыз, бир тууганбыз. Ошол себептен каада-салттарыбыз бири-бирине окшош. Мурда кыргыздын боз үйлөрү колдонулган экен. Көчмөн жашоодон жергиликтүү жашоого өткөндөн бир канча жыл кийин боз үйлөр унутулуп калган. Анан ошону кинодо жандандыруу үчүн бизге келип көрүп, проект катары алып кетишкен, сатып кетишкен эмес. Ошол проектти тарыхый сериалдарга колдонуп тарта баштады десем туурараак болот.***

**- Улуу-Памир айылында кыргыздардын кандай социалдык мүмкүнчүлүктөрү бар? Таза суу, электр энергиясы дегендей...**

- Биринчи кабатка малдарды киргизип, экинчи кабатта өзүңөр жашагыла деп үйлөрдү эки кабат кылып куруп беришкен. Биз мал киргизбей эле, эки кабатты тең үй кылып жашап алганбыз. Үйлөрүбүздө шаардагы үйлөрдөй эле жакшы шарттар түзүлгөн. Жолдорубузда тротуарлар бар. Канализация, дарылоо пункттары бар. Кайсы бир жерде иштебегендер жана 63 жашка чыгып калгандар дарылоо пункттарында бекер дарылана алышат. Ар бир үй-бүлөдө жок дегенде 2-3 киши иштейт. Элдин экономикалык турмушу жакшы.

**- Жайыт, дыйканчылык маселеси кандай?**

- Алгач барганда жер анча кенен эмес эле. Кийин 1987-жылдары бизге мамлекет тарабынан 38 миң гектар жер берилген. Учурда жайыт кенен, бирок, эл мал чарбачылыгы менен алектенбей калды. Шаардагылар сыяктуу эле жашап жатабыз. Дыйканчылык дээрлик жок.

**- Бара-бара Ванда "кыргыз" аты өчүп кетиши мүмкүнбү?**

- Биз 1982-жылы барганбыз. 1956-жылы барып, өлкөнүн ар кайсы шаарларында жашаган кыргыздар да бар. Алар өздөрүн "кыргызбыз" дешет, бирок тилдерин жакшы билишпейт. Келечекте салтыбыз, кыргыз тили унутулуп калышы мүмкүн, бирок өзүбүздүн кыргыз экенибизди унутпайбыз. Кыргыз аталышы жоголбойт.

**- Түркиядагы жергиликтүү калктын улуу-памирлик кыргыздарга карата жасаган мамилеси кандай?**

-Биз Түркияга биринчи жолу барганыбызда, мен 12 жашта болчумун. Түркияда жашагандан бери бизге жасалган терс мамилени көргөн жокмун. Алар бизди бир туугандары катары көрүшөт. Кыргыздар менен түрктөрдүн түпкү ата-бабалары бир экенин, Түркиядагы түрктөрдүн Орто Азиядан көчүп кетишкенин баарыбыз эле билебиз. Ошондуктан биз Түркияны тандаганбыз. Алгачкы күндөн ушул күнгө чейин бизде эч кандай маселе болгон жок. Түркияга келгенибизден ушул күнгө чейин каада-салттарыбызды сактап эле келатабыз. Бирок албетте, жергиликтүү шарттарга жараша айрым салттарыбыз өзгөрдү.

**- Кээ бир түрк сериалындагы боз үйлөрдү Ванда кыргыздар тарабынан чыгарыларын угуп калабыз, ушул чындыкпы?**

- Түрктөр менен кыргыздар бир элбиз, Түрк атанын балдарыбыз, бир тууганбыз. Ошол себептен каада-салттарыбыз бири-бирине окшош. Мурда кыргыздын боз үйлөрү колдонулган экен. Көчмөн жашоодон жергиликтүү жашоого өткөндөн бир канча жыл кийин боз үйлөр унутулуп калган. Анан ошону кинодо жандандыруу үчүн бизге келип көрүп, проект катары алып кетишкен, сатып кетишкен эмес. Ошол проектти тарыхый сериалдарга колдонуп тарта баштады десем туурараак болот.

**-Эмнеге Ванда отурукташкан кыргыздар Кыргызстанга кийинчерээк кайтып келишпеди?**

-Мурда Кыргызстанга кайтып келүүнү каалагандар болгон. Бирок, мүмкүнчүлүк болгон эмес. Андан сырткары вандык кыргыздар Түркия жараны болгонубуз үчүн, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жумуш менен камсыз болуу сыяктуу мамлекет берген мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалана алабыз. Бул жер өз мекенибиз болуп калды.

**- Вандык кыргыздардын өз мекенине айланган Түркияга болгон мекенчилдик сезимдери кандай?**

-Мурун Ван террордук аймак деген сөз айтылып келген. Бул аймакта террористтер топтору бар болчу. Бизде 200гө жакын айылды коруучу аскерлерибиз бар. Алар дагы деле маал-маалы менен көзөмөлдөө үчүн тоого чыгып келишет. 5-6 адам шейит болгон учур да катталган. Алардын арасында менин туугандарым да бар. Каза болгондордун аттары мектептерге жана мечиттерге берилди. Жаракат алган 7-8 адам ардагер катары сыйланышты. Азыр Түркиядагы кыргыздар Түркияны өз мекени, өз журту катары көрүшөт. Өздөрүн өлкөгө, улутка, туусуна берилген ишенимдүү жараны катары эсептешет.

КАБАР: АЙЧҮРӨК КЕНЖЕКУЛОВА
СҮРӨТТӨР ИНТЕРНЕТТЕН АЛЫНДЫ







# Жаңыланган "Манас"



HABER: MEHRAFRUZ NABİEVA
FOTO: MEDİAMANAS

***Быйыл 25 жылдык мааракесин белгилеген Кыргыз-Түрк «Манас» университети (КТМУ) билим берүү жана илим тармагында жараткан инновациялары жана өзгөртүүлөрү аркылуу таанылууда. Акрыкы бир жарым жылдан бери университетте түрдүү тармактарда, өзгөчө спорт, саламаттыкты сактоо, билим берүү, илимий-практикалык тармактар жана лабораториялар, санариптик жана континенттик теле-радио берүү кызматтарында жана башка түрдүү тармактарда өнүгүүлөр болду. "Манас" гезитинин окурмандары үчүн университеттеги өзгөрүүлөр жана жаңылыктар тууралуу КТМУнун башкы катчысы доц. док. Октай Өзгүлдөн маалымат алдык.***

**КТМУда спорт тармагындагы акыркы жаңылыктар**

КТМУда жалпысынан 16 спорт обьектисинин бар экендигин, анын алтоосу жабык спорт аянтчасы, ону болсо ачык спорт аянтчасы экендигин билдирген доц.док. Өзгүл 2021-жылдын май айынан тарта курула баштаган жаа атуу талаасы, көк бөрү талаасы, атчан найза ойноо талаасы жана күрөш талаасынын 2022-2023-окуу жылынан тарта иштей тургандыгын айтты.

Спорт тармагындагы машыгуу талааларынан тышкары университетте Салттуу оюндар жана спорт илим-изилдөө институту түзүлгөнүн кошумчалаган доц. док. Өзгүл: "Урматтуу ректорубуз айткандай, бул институт салттуу спорт боюнча эң кеңири изилдөөлөрдү жүргүзгөн институттардын бири болуп саналат",-деди.

**"Жашыл аймак" сертификатын алган алгачкы жогорку окуу жайыбыз"**

"Манас" университети Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын ичинен "Жашыл аймак" сертификатын алган биринчи окуу жай экенин белгилеген КТМУнун башкы катчысы доц. док. Өзгүл сөзүн төмөндөгүдөй улантты: "Өзгөчө 2020-жылдан тарта бүткүл дүйнөнү каптаган Covid-19 пандемиясынан кийин саламаттыкты сактоо тармагынын мааниси абдан билине баштады. Бул алкакта эмдөө процессин ийгиликтүү улантып жаткан КТМУ Түркия Республикасынан сатылып алынган вакциналар менен кызматкерлер жана студенттеринин эмдөөсүн 80%га жеткирди. Университетибизде эмделгендердин орточо көрсөткүчү жогорку деңгээлде болгондуктан, университетибиз жана кампусубуз Кыргыз өкмөтү тарабынан жашыл аймак сертификатына ээ болгон биринчи университет болуп саналат."



Өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөрдүн алкагында саламаттыкты сактоо тармагында да алгылыктуу иштер жасаган "Манас" университетинде шейит Эрен Бүлбүл ден-соолук борбору, Covid-19, гистология жана гематология дарт аныктоо борборлору сыяктуу ар кандай мекемелер кызмат көрсөтө баштады. Жаңы ачылган бул борборлор тууралуу маалымат берген доц. док. Өзгүл: "Ректорубуз белгилегендей, университетибизде өзгөрүү жана өнүгүү процессинин алкагында жаңылануулар болуп жатат. Алардын бири катары Ден-соолук борборундагы жаңы өзгөрүүлөрдү айтсак болот. Атай кетсек, Ден-соолук борборубузга шейит Эрен Бүлбүл аты ыйгарылды. Ошону менен катар аталган борбордо Covid-19 дарт аныктоо борбору түзүлүп, иштей баштады. Бул жерде күн сайын болжол менен 700гө жакын бейтап текшерүүдөн өтө алат. Ошондой эле гистология жана гемотология лабораториялары да түзүлдү. Бул жагынан алганда Ден-соолук борборубузда ички оорулар, кардиология, педиатрия, кулак, мурун, тамак сыяктуу органдарды караган жалпы 6 адис кызмат көрсөтөт",-деп белгиледи.

**"2 институт жана 8 лаборатория ачылды"**

Баш катчы доц. док. Өзгүл өз сөзүндө буларга токтолду: "Бир жарым жылга жакын убакыттын ичинде Туризм жана мейманкана иштетүү менен Дене тарбия жана спорт жогорку мектептери 2020-2021-окуу жылынын жазгы семестрине карата факультеттерге айландырылды.

Жаңыдан түзүлгөн Евразия тил, тарых жана археология илим-изилдөө институту менен Салттуу оюндар жана спорт илим изилдөө институту

ачылып, бул багытта изилдөө жүргүзүүнү каалаган жергиликтүү жана чет элдик илимпоздорго кызмат көрсөтүүнү пландаштырууда. Урматтуу ректорубуз белгилеп өткөндөй, Салттуу оюндар жана спорт илим-изилдөө институту бул тармак боюнча Орто Азияда маанилүү орунду ээлемекчи. Мындан сырткары жакында эле Электрондук схемалар, Биотехнология, Цитология жана гистология лабораториялары сыяктуу 8 лаборатория ачылды.

**«Биздин өндүрүштүк кесиптик жогорку мектебибиз жана цехтерибиз »**

КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан айткан "Университеттеги кесиптик жогорку мектеп Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын арасында өзгөчө орунду ээлеген эң таасирдүү жана жемиштүү жогорку мектеп болуп саналат" деген сөзүнө токтолгон доц. док. Өзгүл, университеттин кесиптик жогорку мектебинде окуган студенттердин алган теориялык билимин өндүрүштүк практика тармагында колдонууга мүмкүнчүлүк алышканын жана ошону менен бирге Кыргызстандын экономикасына аз да болсо салым кошуп жаткандыгын баса белгиледи.

**Континенттик телеберүү кызматы**

Медиаманаска салынган инвестициянын алкагында "Манас ТВ" телеберүү кызматынын Кыргызстандын территориясында обого чыга баштаганын билдирген доц. док. Өзгүл сөзүн төмөндөгүчө улантты: "Манас ТВ каналынын 6 миллиондук калкы бар кыргыз элине көрсөтүлө турган телеканалга айланусу бизди абдан кубандырат жана ошондой эле студенттерибиздин ар кандай долбоорлорду ишке ашыруу, дизайн жасоо, талкуулоо жана үйрөнүү аркылуу өзүн өнүктүрүү багытында түзүлгөн Трансфердик жана Долбоордук кеңселер сыяктуу мекемелердин университетибиздин территориясында ачылышы студенттерибиздин келечеги үчүн абдан маанилүү. Десктоп басма жана полиграфия бөлүмүн Басма кеңсесине айландыруу менен биз кыйла натыйжалуу иштеген жана өз мекемесин камсыз кыла алган басмакана саясатын жүргүзө баштадык. Жаңыланган "Алтын көпүрө" китептери жана башка окуу китептерибиз менен биргеликте университетибиздин баалуу эмгектерин студенттерибизге тартуулоону улантабыз".

**"Биз ар дайым студенттерге багытталган университет болобуз"**


Бул инновациялар жана жетишкендиктер жөнүндө маалымат берген башкы катчы доц. док. Өзгүл: "Борбордук имаратыбыз ректорубуздун жетекчилиги астында "Сыр боёгучуңду ала кел» кампаниясы менен сырдалып, борбордук имараттын окуу кабинеттери оңдолуп жаңы окуу жылына даяр болду. Урматтуу ректорубуздун ар дайым "Биз студенттерге багытталган университет болобуз" деген принцибинин негизинде студенттер үчүн жаңы коомдук жайлар курулган. Тактап айтканда, студенттерге багытталган "Оба чай" бакчасы жана "Кыш бакчасы" сыяктуу жаңы коомдук жайлар ачылган. Мындан сырткары, өзүбүздүн өндүрүшүбүз болгон Манас бренд өндүрүмдөрү студенттерибизге да, кызматкерлерибизге да тартууланып келет. Биздин бардык аракеттерибиз университетибиз үчүн; анткени биздин университет бардык нерсенин эң жакшысына татыктуу. Урматтуу ректорубуз айткандай "Манас университети университеттен да артык",-деп баса белгиледи.

КТМУнун башкы катчысы доц. док. Октай Өзгүлгө бизди кабыл алып, университетибиздеги өзгөрүүлөр, жаңылыктар тууралуу маалымат бергени үчүн «Манас» гезитинин атынан терең ыраазычылык билдиребиз.

***Урматтуу ректорубуздун ар дайым "Биз студенттерге багытталган университет болобуз" деген принцибинин негизинде студенттер үчүн жаңы коомдук жайлар курулган. Тактап айтканда, студенттерге багытталган "Оба чай" бакчасы жана "Кыш бакчасы" сыяктуу жаңы коомдук жайлар ачылган. Мындан сырткары, өзүбүздүн өндүрүшүбүз болгон Манас бренд өндүрүмдөрү студенттерибизге да, кызматкерлерибизге да тартууланып келет.***


Жыгач иштетүү устаканасы


Курманжан Датка атындагы көркөм өнөр галереясы


Боз үй чайканасы


Басма кеңсеси

# Ататүрктүн 83 жылдыгын эскерүү аземи болуп өттү




*2021-жылдын 10-октябрында Бишкек шаарында жайгашкан "Ататүрк" паркында Туркия Республикасынын негиздөөчүсү Мустафа Кемал Ататүрктүн дүйнөдөн өткөнүнүн 83 жылдыгына карата эскерүү аземи болуп өттү.*

"Ататүрк" паркында өткөрүлгөн эскерүү аземине: Туркия Республикасынын Бишкек шаарындагы Элчилигинин Убактылуу ишенимдүү өкүлүнүн орун басары Йекта Камил Ноян, Кыргыз-Түрк Манас университетинин админстраторлору жана окумуштуулары, Туркия Республикасынын Улуттук билим берүү министирлигине караштуу мектептердин жетекчилери жана мугалимдери," Ахыска" Түрктөр бирикмесинин директору, Түрк ишкерлери жана көптөгөн Түрк жарандары катышты.

Эскерүү кечеси Ататүрктүн дүйнөдөн көз жумган маалы, тактап айтканда саат 09:05те сирена үнүнүн коштоосунда 2 мүнөттүк эскерүү, гимндин аткарылышы жана Ататүрктүн эстелигине гүл коюу менен башталды.

Туркиянын Бишкектеги элчилигинин Убактылуу ишенимдүү өкүлүнүн кеңешчиси Ноян өзүнүн сөзүндө Гази Мустафа Кемал Ататүркту жана куралдаш жолдошторун урмат-сый, ырайым жана ыраазычылык менен эскергенин белгилеп: «Ататүрк: «Мени көрүү сөзсүз менин жүзүмдү көрүү эмес, эгер менин оюмду, сезимдеримди түшүнсөңүз ошол мен үчүн жетиштүү»-деп айткан. 1933-жылы Республиканын 10 жылдыгына арналган иш-чарада Ататүрк: «Бүгүн горизонттон чыгып жаткан күндү кандай көрүп турган болсо, бүт чыгыш элдеринин ойгонушун да дал ушундай көрүп турам» дейт. Натыйжада тарых атабыздын сөздөрү, кыймыл-аракеттери туура экендигин далилдейт.Ошондой эле көптөгөн мамлекеттер, анын ичинде дос жана бир тууган өлкөлөр өз алдынча көз карандысыздыкка ээ болушту.Ататүркту 83 жылдык маарекесинде бүгүн Азияда, Теңир-Тоолорунун этегинде, анын аты берилген паркта Ататүрк атабызды эскере алсак, демек биз, 1933-жылы анын биз менен бөлүшкөн идеяларын жана сезимдерин кабыл алып , сезип жатабыз", -деп айтып өттү.



Азем саат 10:30да Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректоратынын жыйындар залында Улуу жол башчы жана шейиттерди эки мүнөттүк унчукпай эскерүү , эки өлкөнүн гимндеринин ырдалышы жана Коммуникация факультети тарабынан даярдалган "Ататүрктүн өмүр баяны" аттуу тасманын көрсөтүлүшү менен улантылды.

Салтанаттын ачылышынан кийин сөз алган КТМУ ректоратынын башкы кеңешчиси жана адабият факультетинин деканынын орун басары Проф. Док. Ахмет Беше, эң оболу университет тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн чет өлкөгө кеткен КТМУнун ректору Проф. Док. Алпаслан Жейлан Ататүркту жана анын куралдаштарын ырайым, ырахмат жана ыраазычылык менен эскергенин айтып, "Улутубузга жаңы мейкиндикти ачкан Гази Мустафа Кемал Ататүрк улуту үчүн ар кандай кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Ататүрктүн:«Керек болгондо түрк улутуна эң чоң белегим катары жанымды берем"деген сөзү улутун канчалык деңгээлде жакшы көргөнүн көрсөтүп турат. Ошондой эле Ататүрк атабыз арабыздан өтүп кеткен болсо дагы дайыма жүрөгүбүздө жашап келет. Ататүрк өз улутунун көз карандысыздыгын каалагандардан гана эмес, бардык улуттардын символу болуп саналат",-деп белгиледи.

КТМУ ректоратынын башкы кеңешчиси жана адабият факультетинин деканынын орун басары Проф. Док. Бешенин сөзүнөн кийин адабият факультетинин тарых бөлүмүнүн башчысы Проф. Док. Жээнбек Алимбаев, «Ататүрктүн Түркстандагы замандаштары: Эгемендүүлүк үчүн күрөшүү(1917-1924)» жана Тарых кафедрасынын окутуучусу Доц. Док. Алпаслан Ашык «Ататүрктүн лидерликти түшүнүүсү, ( Ататүрк лидерлик темасында ою кандай?)» деген темаларда баяндама жасашты.

Мустафа Кемал Ататүрктүн дүйнөдөн өткөнүнүн 83 жылдыгына карата уюштурулган эскерүү аземи Көркөм өнөр факультети тарабынан даярдалган «Ататүрктүн сүйүктүү ырлары » аттуу концерт менен аяктады.

КАБАР: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА
ФОТО: MEDIAMANAS, МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА

# Кыргыз-Түрк “Манас” университети: 24-ноябрь мугалимдер күнү белгиленди




*24-ноябрда Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде “Мугалимдер күнү” белгиленди. Майрамдык кече университеттин Чет тилдер жогорку мектеби даярдаган программа менен коштолду.*



КАБАР: MEDIAMANAS
ФОТО: MEDIAMANAS
КОТОРМОЧУ: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА

Университеттин ректору, проф. др. Алпаслан Жейлан өз сөзүндө мугалимдер үчүн эң сыймыктуу иш, мээнетинин үзүрүн көрүү экендигин жана окуучуларынын ийгиликтерине күбө болуу аларга алмашкыс сезим тартууларын айтып өттү.

“Жаш муундарыбызды тарбиялап өстүрүп, аларга туура жолду көрсөткөн мугалимдерибизди 24-ноябрь “Мугалимдер күнү” менен куттуктайм. Аны менен бирге шейит кеткен окутуучуларыбызды терең кайгыруу менен эскерем”,- деди ректор.

КТМУнун биринчи проректору, проф.др. Асылбек Кулмырзаев: “Жаш муундарыбызга келечекке ишенимдүү кадам таштоонун сырларын мугалим үйрөтөт. Алардын талыкпаган эмгегинин аркасында жаштарыбыз мыкты билим алып келе жатышат. Мугалимдерибиз билим аркылуу өлкөбүздүн өнүгүүсүнө, жаркын келечегине чоң салымдарын кошууда жана мээнети баа жеткис,”-деди.

Чет тилдер жогорку мектебинин директору, др. Режеп Йүрүмез, кыйынчылыктарга карабай өз ишин так аткарган мугалимдер коомубуздун сыйлуу, баалуу мүчөлөрү экендигин баса белгиледи.

Иш-чарада ийгиликтүү студенттерге негиздөөчү-ректор Карыбек Молдобаев атындагы стипендиялар берилди. Ошондой эле Ош Мамлекеттик университетинде “ Кыргыз тилин чет тили катары окутуу” аттуу семинар өткөрүү милдетин алып, аталган университетте семинарларды өткөрүп келе жаткан Жогорку мектептин окутуучуларына сертификаттар тапшырылды.

Майрамдык иш-чара окуучулардын элдик бий, ырлары менен уланып, эстеликке сүрөткө түшүү менен аяктады.

## Foursmajor командасы:

# “Коомдогу көйгөйлөр тууралуу адамдарды ойлондургубуз келет”




***Foursmajor командасы учурда Кыргызстандын жаштарынын арасында абдан популярдуу. Команда Арсен, Ислам, Нурбек жана Өмүрбек деген жигиттерден турат.Азыр бул блогерлер көптөгөн катталуучулары үчүн комедиялык жана социалдык видеолорду тартып жарыялап турушат. Бүгүнкү күндө алардын Инстаграмда 50 миңдей, ал эми ТикТокто 125 миңден ашык катталуучусу бар.***

**“Манас” гезити: Атактуу блогерледи жакындан таанып жатканыма кубанычтамын. Деги вайн тартууну кантип баштап калдыңар эле?**

Ислам:Биз мектепте окуп жатканда эле жакын дос болуп жүргөнбүз, КВН менен алектенчүбүз. Ошондо тамашаларды ойлоп табууну, артистизмди жана командалык ишти үйрөнүп алганбыз. Чынын айтканда, бул ишти кантип баштап калганыбызды деле аңдай албай калдык. Үч жыл мурун бул иш капысынан эле башталып кетти.Баарыбыз жогорку окуу жайларда окуп жаткан учурубуз болчу. Бир күнү сабактан чыгып тамактанып жатып,казахстандык блогерлердин видеолорун көрүп калдык. Биз дагы ушундай видеолорду тартып чыгаралы дедик. Ошентип, кутүлбөгөн жерден Инстаграмда баракча ачып калдык.

**“Манас” гезити: Деги идеялар кайдан пайда болот?**

Нурбек: Көбүнчө жашоодон эле алынат, аларды адатта ар бирибизде болгон ар кандай күлкүлүү кырдаалдар аркылуу көрсөтөбүз. Кээде өзүбүз деле ойлоп табабыз, мисалы, интернетте бир тренд жайылып кетсе, аны өзгөртүп, ирония кошуп тартабыз.

**“Манас” гезити: Кызык экен. Ролдорду жана милдеттерди кантип бөлүштүрөсүңөр?**

Арсен:Мындай бөлүштүрүү деле жок,эгер бирөөбүз бир каарманды жакшы ойноп бере алам десе, ал ошол ролду алат. Видеого тартканды баарыбыз билебиз. Монтажды көбүнчө мен өзүм жасайм. Foursmajorдун менеджери менмин, кызматташуу жана реклама боюнча мага кайрылышат.

**“Манас” гезити: Элге таанылып, көчөдөн эле бирөөлөр сиздер менен сүрөткө түшүүнү каалаганда, кандай сезимдер пайда болду?**

Өмүрбек:Башында бир аз толкундандык, уялдык, анткени биздин жашообузда мурда мындай болгон эмес. Андан кийин бизге жага баштады, муну мотивация катары кабыл алабыз. Элдин көңүл бура баштаганыбызди дагы өнүгүүгө, өзүбүздүн үстүндө дагы жакшы иштөөгө түртөт.

**“Манас” гезити: Ата-энеңер жасаган ишиңерди кандай кабыл алат? Кыргыздарда “Эл эмне дейт” деген сөз бар, туугандар тарабынан терс реакция алуудан коркпойсуңарбы?**

Нурбек: Ата-энелерибиз жакшы эле кабыл алат, бизди колдошот. Бирок аларга видеолорубузду көрсөтпөйбүз, анткени жаш аудиторияга багытталган тамашаларды алар түшүнбөй калышы мүмкүн. Терс реакциядан коркпойбуз, анткени ар бир чагылдырылган окуя ар кандай кабыл алынышы мүмкүн.

**“Манас” гезити: Бишкекти курчап турган түтүн жөнүндө социалдык ролигиңербар. Сиздин оюңузча, социалдык роликтер көйгөйдү чечүүгө жардам бере алабы?**

Арсен:Көп оң комметарийлерди алдык, бирок “Бир ролик эч нерсени өзгөртпөйт” деген комментарийлер да болду. Видеодон түз таасир болот деп ойлобойбуз, биздин максат – көйгөйдү коомчулукка жарыялоо жана мүмкүн болушунча көп адамдарды анын жасаган иш-аракеттери жөнүндө ойлонтуу. Мисалы, бир эле адам



видеобузду көрүп, бүгүн үйдү жылытуучу үчүн целофан же пластиктен жасалган буюмдарды колдонбой, отун же көмүрдү колдонсом деп чечсе, чоң пайда болот. Андай адамдан бирден көп деп ишенебиз.

**- Хейтке кандай реакция бересиз?**

Ислам:Бул маселеде тарапсыздыкты сактайбыз, капа болбойбуз, жооп да бербейбиз. Бирок сын конструктивдүү болсо, сөзсүз эске алабыз.

**- "Блоггер, вайнерлер – текебер адамдар" дешет. Сиздер бул боюнча кандай ойдосуз?**

Ислам:Биз деле башкалардай эле жөнөкөй адамбыз. Баары иштеп өз жумушун жасап жүрүшөт, биз да өзүбүз ишибиз менен алектенебиз. Текеберчиликти биз да жактырбайбыз.

**- Вайнер үчүн эң маанилүү эмне? Лайкпы?Подпискабы?**

Өмүрбек:Жок, жеке биз үчүн көрүүчүлөрдө кандайдыр бир сезимдерди ойготуу, алардын эмоциялары маанилүү, андан кийин гана статистика. Ошондой эле сапаттуу контент чоң роль ойнойт. Канчалык кызыктуу жана тез видеолорду жайгаштырсак, ошончо көп оң эмоция жаратып, статистикабызды көтөрөбүз.

**"Манас" гезити: Кыргызстанда башка вайнерлер тууралуу кандай пикирдесиз? Алар менен кандай мамиледесиз? Мисалы, баарыбыз билгендей Казахстандын блоггерлери бир бирин аябай колдоп, "Биз досбуз" деген сүрөттү көрсөтүшөт.**

Арсен:Биздин мамилелерибиз жакшы деп ойлойм, бирок алар менен көп катташпайбыз. Алар биз менен видео тарткысы келсе, биз ар дайым жаңы коллаборацияларга ачыкпыз. Биздин юмор мыкты, башка вайнерлер начаарырак видео тартат деген оюбуз жок, ар бирибиз жекече.

**"Манас" гезити: Вайнерлер көбүнчө видеодон тышкары бизнес ачышат. Мисалы, фаст-фуд, гүл, кийим, кроссовки ж.б. дүкөндөрдү ачышат. Бул жаатта тажрыйбаңыз барбы?**

Өмүрбек:Ооба, биз көз айнек дүкөнүн ачканбыз, тилекке каршы ийгиликтүү болгон жок. Бирок бул бизге жакшы сабак болду, көп тажрыйба топтодук. Эми бизнес ачканда эмне кылышын билип калдык, буюрса келечекке пландарыбыз бар.

**"Манас" гезити: Менимче, бул суроо көптөрдү кызыктырат. Блогуңуздан канча акча табасыз?**

Арсен:Биз тапкан акча абдан аз, эч нерсеге жетпейт, бирок регулярдуу видео тартып уланта берсек, жакшы акча тапсак болот.

**"Манас" гезити: Foursmajor проектин жабуу ойлоруңуз пайда болду беле?**

Арсен:Андай ойлор жакында эле, бир ай мурун болгон. Баарыбыз өз иштерибиз менен алектенип, эч кимибиз видео тартканга убакыт бөлө албай жүрдүк. Бүтүрөлүдегeн ойго келдик, бирок андан кийин дагы бир жолу чогулуп, мурдагыдан жакшы иштөөнү чечтик. Адатта, мындай учурларда көйгөйлөрдү талкулоо жана бири-бирибизди угуу абданмаанилүү.

**"Манас" гезити: Маегибиздин соңунда бул жаатта өнүгүүнү каалаган жаңы баштаган вайнерлерге кеп-кеңешиңер барбы?**

Нурбек:Жаңы баштаган балдарга көп видео тартууну сунуштайм. 99 видео начар болуп калса деле, сөзсүз жүзүнчүсү жакшы чыгат, адамдардын көңүлүн бурат. Аракет менен тажрыйба топтолот. Башкы нерсе – коркпогула жана багынбагыла.

**КАБАР: НАСИБА БАЛАЕВА**



*...биз үчүн көрүүчүлөрдө кандайдыр бир сезимдерди ойготуу, алардын эмоциялары маанилүү, андан кийин гана статистика. Ошондой эле сапаттуу контент чоң роль ойнойт. Канчалык кызыктуу жана тез видеолорду жайгаштырсак, ошончо көп оң эмоция жаратып, статистикабызды көтөрөбүз.*

# Жоголуп бараткан кесиптер

***Дүйнөнүн өнүгүп-өсүүсү менен кесиптерге суроо-талаптар да өзгөрүп, технологиялар айрым кесиптерди эмгек рыногунан сүрүп чыгарып коюуда. Биз бул макалабызда илгерки абдан актуалдуу болгон, бирок азыркы күндө жоголуп бараткан кесиптер тууралуу сөз кылмакчыбыз.***




## Тегирменчилик

Адамзаттын баалуу азыгы болгон нанды өндүрүүдө негизги ролду ойногон тегирмендердин эң чоң артыкчылыгы табият берген бекер энергия булагы менен иштегени болчу. Мурда тегирмендердин көбү дарыялардын боюнда курулчу. Анткени тегирменчилер өздөрүнүн тегирмендерин суунун жардамы менен иштетип, бышкан буудайды унга айландырып, жакынкы айыл-кыштактардагы наабайчыларга сатышкан. Буудайдын дандарын иргеп, майдалап, электен өткөрүп, ун кылып сатуу мурда тегирменчилердин милдети болгон. Кээ бир тегирмендерде буудайдын ордуна арпа, кара буудай майдаланган. Кийинчерээк ун чыгаруучу ишканалардын пайда болушу жана өнүгүшү менен тегирменчилик кесип өзүнүн зарылдыгын жогото баштады.

## Кийиз жасаган уздар

Койдун, коёндун, төөнүн, эчкинин жүнүнөн жасалган кийизсиз илгери бир да үйдү учуратууга мүмкүн эмес эле. Айрыкча, кыргыз элинин көчмөн жашоосун кийизсиз элестетүү кыйын болчу. Алтургай, өткөн кылымдарда кыргыздар ханды тактыга ак кийизге салып көтөрүшкөн жана адамды акыркы сапарга да ак кийизге ороп узатышкан. Кийиз медициналык материал катары да колдонулуп, жаракат алып кан токтобой калганда, кийизди күйгүзүп жараатка басышкан. Ал эми азыркы учурда фабрикадан өндүрүлгөн килемдин түрү чыкканына байланыштуу кийизге суроо-талап жоюлду. Натыйжада кийиз жасаган уздар эл арасында бирин-серин учураганы менен, жылдан жылга жоголуп баратышат.





## Атка така каккан усталар

Атка така кагууну бул иштин ыгын жакшы билгендер гана аткарышкан. Анткени кичине эле жаңылыштык жаныбардын майып болуп калышына, андан да жаманы кайра баса албай калышына алып келиши мүмкүн эле.

Така жасоо мурда өтө популярдуу болгон, анткени технологиянын өнүгүүсүнө чейин адамдар ат, эшек, төөлөрдү көп колдонушкан. Азыр техниканын заманында бул кесипке болгон муктаждыктын азайышынан така жасап, така каккан усталар өтө сейрек кездешет.

# Себет жасоо өнөрү

КАБАР: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА
СҮРӨТТӨР ИНТЕРНЕТТЕН АЛЫНДЫ



Себет – көбүнчө чөп, бамбук, жүгөрүнүн сабы, камыш, фундук жана дарактардын ичке бутактарынан токулат. Себетке түшүрүлгөн оймо-чийме аркылуу себетчилер өздөрүнүн жан дүйнөсүн чагылдырышкан. Аны биз токулган себеттердин коздугунан, түсүнөн, үлгүсүнөн көрө алабыз.

Себет жасоонун ар бир аймакка жараша түрдүү формалары бар. Мурда бул кесип менен көп алектенишчү, анткени айыл чарба, бакча, жүзүм, балык азыктарын ташуу, базарга товарларды жеткирүү, сатуу баары эле себет менен аткарылчу. Бирок, бүгүнкү күндө себет айрым той-аштарда гана кездешпесе, күнүмдүк турмушта анын ордуна желим баштык ж.б. колдонулуп калды. Ошондуктан, себет жасоо өнөрү кыйла кыскарып, өз актуалдуулугун жоготту.

# Шыпыргы жасоо өнөрү



Учурда чаң соргуч, алтургай, робот чаң соргучтар азыркы адамдардын ишин кыйла жеңилдетип койду. Биз азыр кылымдар бою колдонуп келген шыпыргыны базардан сатып албай калдык. Шыпыргы менен бүгүнкү күндө эшик-элик эле шыпырылбаса, үй ичин чаңытып шыпырууну туура көрбөй калдык. Мурда көп адамдар шыпыргыны өздөрү өстүрүп жасап алышчу. Азыр шыпыргы өстүрүп, жасаган кишилер да азайып баратат.

Айрым кесиптердин жоголушу бул маданиятыбыздын өзгөрүшүн, аны менен бирге жашап жаткан дүйнөбүздүн өзгөрүшүн билдирет. Ким билет, мындан отуз жыл кийин азыркы күндөгү актуалдуу кесиптер да жоголуп кетиши ыктымал. Жасалма интеллект көп кесип ээлерин алмаштырып, адамзат жашоосу такыр башка нукка бурулушу турган иш.

## *Келечекте унутулуп кала турган кесиптер*

*Изилдөөлөр боюнча, технологиянын өнүгүшү менен кээ бир көрүнүктүү кесиптер тарыхка айланаары, адамдардын ордуна иштерди роботтор, техникалар аткара турганы айтылып келүүдө. Иш менен камсыз болуу көрсөткүчтөрүнүн олуттуу төмөндөшүнө себеп болгону айтылган жасалма интеллекттин кээ бир секторлорго терең таасир этээри болжолдонууда. Тактап айтсак, жасалма интеллект технологиясы күчтүү өнүгүп жатканы үчүн таксисттер жана фермерлер сыяктуу кесиптердин жок болуп кетүү коркунучу бар.*

# Фермерлер



Фермер бул – менчик жерин иштеткен же ижарага жер алып эгин эгип, бак тигип эмгектенген адам. Фермердин милдеттерине малды багуу, азык-түлүк алуу (сүт, эт, жумуртка, жүн), өсүмдүктөрдү өстүрүү, эгин өстүрүү, даяр продукцияны сатуу кирет. Дүйнөдөгү эң байыркы кесиптердин бири болгон дыйканчылык адамдардын жашоосу үчүн өндүргөн продукциясы жана айлана-чөйрөгө кошкон салымы менен маанилүү бир иш.

Жер жүзүндөгү миллиарддаган адамдардын тиричилиги үчүн, жаратылыш байлыктарын пайдаланып, кара күч менен иштеген фермерлер айыл чарба тармагында көптөгөн жумуштарды жеңилдеткен технологиялык өнүгүү процессинен улам чоң кесиптик коркунучка кабылып жатышат. Демек, бул маалыматтар аталган кесиптин келчекте толугу менен технологиялык куралдар аркылуу алмаштырылышы мүмкүн деген божомол жаратат.

# Таксисттер




Таксист – илгертен бери келаткан транспорттук кесиптердин бири. Такси кызматы – бир жерден экинчи бир жерге бат жеткирген ыңгайлуу кызмат. Мурда азыр биз телевизор жана социалдык тармактардан көрүп жаткан айдоочусу жок иштеген машиналар, техникалар болгон эмес. Маалыматтарга караганда, тилекке каршы, келчек жылдарда аталган кесип тарыхта калып калат деген коркунучтар бар. Анткени, биз билген жана “такси” деген сөздү укканыбызда, оюбузга сары түстөгү, “taxi” деген жазуусу болгон машиналардын ордуна айдоочусуз өзү жүргөн жасалма интеллект технологиялар иштеп баштайт.

**Айрыкча 21-кылымда жасалма интеллекттин, роботтук технологиянын жана нанотехнологиянын өнүгүшү менен программалык камсыздоо инженери, эпидемиолог, мобилдик тиркеме жана оюн иштеп чыгуучу, каржы менеджери, роботту координациялоо боюнча адис, экология адиси сыяктуу кесиптер барган сайын дүйнө жүзү боюнча популярдуу кесиптерге айланаары болжолдонууда.**

# "Кыргызстандын элинин тынчсыздануусу жана үмүтү" фото көргөзмөсүнүн ачылыш аземи





*2021-жылдын 24-ноябрында саат 15:00дө Гапар Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейинде Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин бүтүрүүчүсү Гулиза Урустамбек кызынын "Кыргызстандын элинин тынчсыздануусу жана үмүтү" аттуу фотосүрөт көргөзмөсүнүн ачылыш аземи болуп өттү.*

Ушул жылдын 24-ноябрдан 8-декабрга чейинки аралыкта боло турган бул көргөзмөдө аймактардагы адамдардын күнүмдүк жашоосу, жумушсуздук маселеси, экономикалык кыйынчылыктар жана ошондой эле Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан берки билим берүү, медицина, исскуство, экономика тармактарындагы абал фотографтын көзү менен чагылдырылган. "Кыргызстандын элинин тынчсыздануусу жана үмүтү" аталышындагы бул көргөзмө Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына арналган. Фото баянда караңгы шахтада иштеген шахтёрлор, күн сайын 10 чакырым аралыкты жөө баскан фельдшерлер, өлүктөрдүн арасында күн кечирген соттук-медициналык эксперт, зымсыз чек араны коруган аскер, талкаланган заводдо иштеген инженер жана ак барстарды коруган егерь сыяктуу 10 кесип ээсинин күнүмдүк жашоосу, кыйынчылыктары, кесибине болгон сүйүүсү камтылган.

"Сөз эмес, сүрөт менен көрсөтүп берүүнү чечтим"

Көргөзмөнүн автору Гулиза Урустамбек кызы аталган иш-чара тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: "Бул фото репортажда алгач 10 кесип ээсинин бир күндүк жашоосун чагылдыруу пландалган болчу. Бирок кийинчерээк Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата кыргыз элинин азыркы учурдагы социалдык, экономикалык абалын, билим берүүгө, медицинага болгон мамилесин



айылда жашаган жөнөкөй 10 адамдын жашоосу аркылуу көрсөтүп берсем деген ой пайда болду. Ошол максатта өлкөнүн 5 облусуна барып, он адамдын жашоосун тартып келдим. Андан кийин бул сүрөттөрдү карап чыгып, алардын көргөзмөсүн уюштурууну чечтим. Негизинен "Кыргызстандын элинин тынчсыздануусу жана үмүтү" аталышындагы фото долбоор менин биринчи сүрөт көргөзмөм. Ал эми аталган фото долбоорду уюштуруумдагы негизги максат, Кыргызстандагы маселелерди сөз менен эмес, сүрөт аркылуу көрсөтүп берүү болчу. Анткени кандайдыр бир абалды же окуяны сүрөт аркылуу чагылдыруу адамга алда канча таасирдүү болот. Мен ушул сүрөттөр аркылуу Кыргызстандагы маселелерди чечкенге кайсы бир деңгээлде салым кошо аламбы деген үмүттөмүн".

Айта кетсек, Гулиза Урустамбек кызы КТМУнун Коммуникация факультетин 2020-жылы бүтүргөн. Учурда "ПолитКлиника" маалымат сайтында кабарчы болуп иштейт. Гулиза Урустамбек кызынын фото долбоорлору "ПолитКлиника" маалымат сайтынан сырткары чет өлкөдөгү ЖМКларда, тактап айтканда, Туркиянын "Анадолу" маалымат агенттигинде жана Американын "Getty İmages" сайтында жарыяланган.

**КАБАР: MEHRAFRUZ NABİEVA**
**ФОТО: ГУЛИЗА УРУСТАМБЕК КЫЗЫ**



# 10-класстын окуучусу жол чырак жасады

***Кыргызстанда акыркы жылдары өзүн өнүктүрүүнүн үстүндө иштеп, жаңы табылгаларды ойлоп тапкан жаштар арбын. Алардын бири Ош облусунун Өзгөн районундагы Кара-Дыйкан айылынын №7 Тагай Ташмаматов орто мектебинин 11-классынын окуучусу Багдад уулу Санжар. Ал 10-класста окуп жүргөн кезинде жол чырак жасаган. Үй-бүлөдө 7 бир туугандын кичүүсү. Келечекте Кыргызстандын өнүгүшүнө салым кошкусу келген Санжар буга чейин экскаватор, кеме жана светофор жасаган.***


Кичине кезинен эле өзү кызыккан оюнчуктарды колго жасап алчу. 15 жашында агасы Даниел менен бирге экскаватордун макетин жасап, райондук сынакка катышып жеңүүчү аталган. Санжардын өнөрүн көрүп, ийгилигине кубанган үй-бүлөсүнүн жана мектептин атын алып жүргөн Тагай Ташмаматовдордун үй-бүлөсү 2019-2020-окуу жылын аяктаган соң, жайкы каникулда борбор калаабыз Бишкектеги "RoboSky" аттуу техника жасоочу курска жиберишкен.

"RoboSky" курсунда 45 секундада жана бир минутада жарыктын кезектешип жануу программасын үйрөнгөн. Бул ыкманын жардамы менен картондон светофордун макетин жасап, ичиндеги зымдарды компьютерге туташтырып көргөн. Иштээрин көргөн Санжар айылына келип, кадимкидей жол чырак жасаган. Жол чырак жасоо үчүн атайын материалдар жок болгонуна байланыштуу темирден жасаган. Учурда жаш балдарга жол эрежесин үйрөтүү максатында Санжардын жол чырагы мектепке орнотулган.

"Жол чырак жасоо идеясы кантип жаралды?" деген суроого Санжар: "Жол чырактар Кыргызстанга башка мамлекеттерден алынып келинет, баасы өтө  кымбат. Башка өлкөлөрдө чыгат, эмнеге биз чыгара албайбыз деген ой менен жасап көрөйүн деген элем. Учурда бир шаарды жол чырактары менен камсыздай албашыбыз мүмкүн, бирок, келечек жаштардын колунда деп коюшат эмеспи. Мына ошол келечекти кура турчу балдар окуп-үйрөнсүн деп мектепке орнотушту. Бул да болсо мен үчүн чоң сыймык," – дейт Санжар.

Көп нерселерди жасоону пландап, ойлогон максаттарын керектүү материалдардын жоктугунан улам ишке ашыра албай жатарын айткан Санжар тоскоолдуктарга карабай өзү суу алып, алган суусу менен жылуучу кеме да жасаган. Алдыда чакан ГЭС куруп, ток чыгаруу планы да бар.






КАБАР: АЙЧҮРӨК КЕНЖЕКУЛОВА

# "Манаска" Лос-Анжелестен сыйлык



КАБАР: MEDIAMANAS
ФОТО: MEDIAMANAS




**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) Коммуникация факултетинин окутуучусу, режиссёр Артыкбай Сүйүндүковдун "Шамбала" аттуу тасмасы Лос-Анжелесте сыйлыкка ээ болду. Аталган тасма байлардын өлкөсү болгон Лос-Анжелесте өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк Азия кинофестивалында "Көрүүчүлөр сыйлыгына" татыды.**

Белгилей кетсек, "Шамбала" көптөгөн эларалык сыйлыктарга ээ болуп, Кыргызстандын Оскар комитети тарабынан өлкөбүздүн атынан "Оскар" сыйлыгына көрсөтүлгөн.

# "Манас" университетинин студенти дүйнө чемпиону атанды

КАБАР: MEDIAMANAS
ФОТО: MEDIAMANAS

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Спорт илимдери факультетиндеги Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмүнүн 3-курсунун студенти Айжан Анарбекова белбоо күрөшү боюнча дүйнө чемпиону болду.*



Өзбекстандагы Президенттик сыйлыктын алкагында 2021-жылдын 24-27-ноябрь күндөрү 18-20 жаш куракталар арасында өткөрүлгөн белбоо күрөшү боюнча Дүйнө чемпиондугунда Айжан Анарбекова 76 килограмм салмакта алтын медаль тагынды. Белгилей кетсек, А. Анарбекова буга чейин дагы эл аралык спортто көптөгөн ийгиликтерге жетишкен.

# КТМУ: БУУнун координатору Охиело менен жолугушуу



КАБАР: MEDIAMANAS / АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА
ФОТО: MEDIAMANAS

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети (КТМУ) менен Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Кыргызстандагы координаторлугунун ортосунда жолугушуу болуп өттү.*

КТМУнун ректорунун кеңешчиси, экономика жана административдик илимдер боюнча декандын орун басары проф. док. Серхат Бурмаоглу жана университеттин технология трансфер кеңсесинин координатор жардамчысы доц. док. Азамат Максудунов Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргызстандагы координатору Озонни Охиело менен жолугушту.

Жолугушуу учурунда билим берүүдөн баштап тамак-ашка чейинки көптөгөн маселелер боюнча пикир алмашылып, кызматташуу туралуу макулдашуулар жүргүзүлдү. Ошондой эле эки мекеменин кызматташтыгынын Кыргызстандын туруктуу өнүгүү багытына потенциалдуу салым кошору баса белгиленди.

Жыйында эки тарап ортосундагы мамилени жакшыртуу үчүн кыска убакыт ичинде БУУнун командасынын КТМУга келиши тууралуу чечим кабыл алынды.



## “Суудан келген жол”

📷 **Алтынкыз Шаршенкулова**

Кыргызстан суу ресурстары боюнча дүйнөдөгү эң бай мамлекеттердин бири болгонуна карабастан, бир топ инфраструктуралык көйгөйлөрдөн улам алыскы тоолуу аймактарда дале болсо суу маселеси бар. Апасы менен кызы үйүнөн 500 метр аралыкта жайгашкан булактан суу алып келе жатышат.



## “Фатима жана Арсен”

📷 **Акбермет Эркинбекова**

Пандемияга байланыштуу башталган карантин мезгилинде шаардан айылдарына келген башталгыч класстын окуучулары Фатима менен Арсен Советтик унаа “Москвичте” көңүлдүү убакыт өткөрүшүүдө.



## “Катардагы троллейбустун жүргүнчүсү”

📷 **Милена Нарынова**

Мунүшкөр Бишкектеги аянтта өтүүчү маданий иш-чарага баруу үчүн троллейбуска бүркүтү менен отурду. Бул абалга адамдар бираз таңыркай караганы болбосо, кадимки эле көрүнүштөй жолун улашты.



## “Жалганчы жаз”

📷 **Юсуф Эркам Зейбек**

Пандемиядагы чектөөлөр жана беткап тагуу талаптары алып салынгандан кийин, бир нече айдан бери үйүнөн чыкпаган эл Стамбулдун аптаптуу күнүндө аралдарга карай агылууда.....

• КТМУнун атынан гезит ээси
Ректор, проф. док. Алпаслан Жейлан
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Кеңешчи тобу
Доц. док. Эрдоган Акман
Доц. док. Гөкче Йогуртчу
Доц. док. Ниязи Айхан
Улук окутуучу док. Бакыт Орунбеков

• Басма сөз координатору
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Топчугул Нарматова
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Редактордун орун басары
Гүлдана Нурмухаммед кызы
Мехрафруз Набиева

• Котормочулар
Алтынай Нурдинова

• Дизайнер
Улу окутуучу Равшан Абдуллаев
Жамол Абдрахманов

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164